Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Портфолио

**Айдаркулова**

**Айнара**

**Ниязбековна**



Айдаркулова Айнара Ниязбековна

тарых мугалими

# Резюме

| | |
|---|---|
| Аты жөнү: | Айдаркулова Айнара Ниязбековна |
| Туулган жылы: | 05.05.1964 |
| Улуту: | Кыргыз |
| Билими : | Жогорку |
| Кайсы ЖОЖду бүткөн: | КМУ 1986-жыл |
| Эмгек стажы: | 36 жыл |
| Кесиби: | тарых, коом жана таануу мугалими |
| Иштеген жери: | Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектеби |
| Сыйлыктары: | РОО граматалары Эл агартуунун отличниги |
| Проблемасы : | Окуучуларга сапаттуу билим берүү |
| Үй бүлөсү: | 4 баланын апасы |
| Үй дареги: | Орто-Суу айылы Сеңирбаев №41 |

# Өмүр баян

# Өмүр баян

Мен Айдаркулова Айнара Ниязбековна 1964-жылы 5-майда Москва районунун Төмөн-Суу айылында туулгам.

Карл Маркс орто мектебине 1974-жылы 1-класска кабыл алынгам. 1981-жылы орто мектепти бүтүргөм.

1981-жылы Бишкектеги Кыргыз Мамлекеттик Университетинин тарых факультетине тапшырып 1986-жылы ийгиликтүү аяктагам.

1986-жылы Орто-Суу айылына келип, Аскер уулу Нурман атындагы орто мектебинде үзүрлүү эмгектенип жатам. Үй-бүлөлүүмүн 4 баланын энесимин.

Айдаркулова. А

# Пикирлер

# Пикир.

Мен, Аскарбекова Нүргүл, Айдаркулова Айнураны 1986- жылдан бери билем. Ушул жылдан баштап мектепке иштей баштаган. Мүнөзү жумшак , илберинки , адамгерчиликтүү, адамга катуу сүйлөбөгөн мугалим. Өзүнүн сабактарын окуучуларга жеткиликтүү, кызыктуу өтөт. Тажрыйбалуу педагогдордун методдорун көбүрөөк колдонот. Интерактивдик ыкмаларды колдонуу менен сабак өтөт. Өзү ар дайым таза, тыкан жүрөт. Окуучуларга талап коё билет. Эң мыкты класс жетекчилерден. Класс менен жакшы иштейт. Сабактарына, класстык сааттарына катыштым. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп ата-энелердин, мугалимдердин арасында кадыр-баркка ээ. Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштейт. Өзү жетектеген 5- класстын сүйүктүү эжейи. Айнуранын педагогикалык жолуна ак жол, чыгармачылык иш, үзүрлүү эмгек каалайм.

Мугалим: Аскарбекова Н.

# Пикир.

Мен, Айылчиев Жанышбек Исмаилович, Айдаркулова Айнура эжени мектепке иштей баштагандан бери билем. Жумшак мүнөз, назик сүйлөгөн мугалим. Өзүнүн сабактарын окуучуларга максат, талап коюп, жаңылануу ыкмасы менен өтөт. Бул эженин негизги максаты: Окуучуларды окууга кызыктыруу, окууга майрамдык маанай менен келүүгө жана ошондой эле адамгерчилик сапатын жоготпоого, жоопкерчиликтүү болууга тарбиялоо.

Менин кызымдын класс жетекчиси. Бул эженин тарбиялык иштерине жана сабактарына катышкам. Окуучулар жана ата энелер менен жакшы байланышта.

Айнура деген эженин,
Ай нурундай жүзү бар.
Ак дилинен ар дайым,
Балдарга берет жардамын.
Талыкпаган эмгекти,
Үзүрлүү иштин жыйынын.
Узун-өмүр тилекти,
Каалайт менин үй бүлөм.

Окуучунун атасы: Айылчиев Ж.Н.

# Иш тажрыйбанын аннотациясы

Окуучулар мектептен билим, таалим – тарбия, дем-күч, эргүү алышса, анда алар келечекте эл-жеринин керегине жараган кыргыздын анык патриоту болуп тарбияланат.

Сабакты бир түрдүү формада өтө бербестен өзүмдүн иш тажрыйбамда ар кандай усулдук ыкмаларды колдонуп, окуучулардын ички сырын ачып, сабактын натыйжалуулугун арттырууга аракет кылам.

Сабакты өтүүдө дидактикалык материалды пайдаланып, сабак-сахна, сабак-жомок, сабак конференция сабак-диспут ж.б. инновациялык методдордун түрлөрүн колдоном. Окуучуларга баатырларга тийиштүү болгон касиеттердин ичинен 25 инсандык сапаттарды карточкага жазып таратып берем.

Мисалы, тарыхый инсан Курманжан Датканын сүрөтү доскага илинет же перфокарталар таратылат. Ошондо окуучулар баатыр инсанга тийиштүү 7 сапатты тандап алып, топтордо талкуу жүргүзүшөт. Бул ыкма окуучулар үчүн абдан кызык болот.

Сабак өтүүдө улуттук каада-салттар, үрп-адаттар, баатырлар, алардын эрдиктерин түшүндүрүү менен окуучулардын көңүлүн бурамын. Ошондой эле тарых сабагы боюнча окуучулар реферат, доклад, дилбаян жазышат.

Ар түрдүү кызыктуу конкурстарды өткөрүп турамын. Алсак, Жайыл Баатыр атабыздын 300 жылдыгына арналган 8 – 11 -класстар арасында өткөрүлгөн «Жайыл Баатыр баяны» деген сабагым буга мисал боло алат. Мугалим болуу үчүн өз предметиңди билүү аздык кылат. Мугалимдин педагогикалык жетишкендиктери, анын билим деңгээли, билим сапаты окуучуларды тарбиялоодо кеңири байкалат. Өлкөбүздөгү турмуштун оор шарттарына карабастан, окуучуларга билим берүүнүн проблемасы, өзгөчө жаңы талапка ылайыктап, окутуунун ар кандай интерактивдүү ыкмаларын, жаңы технологияларды пайдалануу менен

сапаттуу билим берүүнүн проблемасынын үстүндө талыкпастан эмгектенип жатабыз.Ушул максатта мен да окуучулар менен өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу жана логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү, эли журтун, Ата Мекенин сүйүүгө тарбиялоо деген проблеманын үстүндө иштеп жатам. Окуучулардын кабыл алуусун, сабакка кызыгуусун арттырууда жаңы технология – жеке компьютерде ар кандай кроссвордорду, ребустарды, баатыр инсандардын сүрөттөрүн тарттыруу менен окуучуларды кызыктырууга аракеттенем. Мугалим таза абийирдүү, адамгерчиликтүү, маданияттуу деги койчу бардык адамдык асыл сапаттары менен окуучуларыбызга үлгү болор инсан болууга тийишпиз. Анткени, балдар мектеп босогосун аттап, илим-билим менен маданиятты, тарых менен салтты баалайт.

**Мугалимге**:

Мугалим – бул жалпы журттун аткан таңы,
Максатту жүрүп турган жүрөк канны.
Мурасы чынар терек, мөмөсү мол,
Миң түркүн өмүрлөрдүн күйгөн шамы.

**Окуучуларыма**:

Улуу өмүрдүн силерсиңер гүлдөрү,
Келечектин жашыл арча бүрлөрү.
Көңүл сурап, жашоолорго күч берген,
Силерсиң ер жаш бутактын түрлөрү.

Жасалгалап Ала-Тоонун түнөгүн,
Жаз жагымдуу чачкан сайын илебин.
Оо, балдарым, Ден-соолукта болгула,
Эжең силерге арнайт куттуу тилегин!

# Педагогикалык ишмердиктер

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Доклад

## Мамлекеттик билим берүүгө компетенттик мамилени киргизүү

Мугалим: Айдаркулова А.Н

**5 - класс**

**Сабактын темасы: Кыргызстандын маданиятынын өнүгүүсү боюнча окуу борборунда өткөн кайталоо сабагы**

**Жайыл районундагы Ортосуу айылынын Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектептин тарых мугалими Айдаркулова Айнара Ниязбековна**

# Тоодой акын-Тұрар Кожомбердиев

## Адабий музыкалык кече

Аскер уулу Нурлан атындагы
Орто-Суу орто мектеби

**Чүй облусунун Жайыл районундагы**
**Орто - Суу айылынын**
**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби**

Окуучулардын илимий-изилдөө иштери
боюнча конкурс

Темасы:

# "Орто - Суу айылындагы дарылык касиети бар булактар"

**Аткарган:** Тариел кызы Айгерим

**Жетекчиси:** Айдаркулова Айнара .Ниязбековна
география мугалими

**Апрель 2008-жыл**

# Усулдук доклад

Темасы: **"Ата мекендин жети касиети"**

Тарых мугалими: *Айдаркулова А.Н*

**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби**

# Тарых сабагы

**5-класс**

**Темасы: Түштүк Кыргызстанды каратуунун толук аякташы.**

(кайталоо сабак)

(сахна – сабак)

**мугалим: Айдаркулова А.**

Аскер уулу Нурлан атындагы
орто мектеби

# ПОРТФОЛИО



Мугалим: Бейзеева Ж. К.

# Өздүк резюме

Фамилиясы, аты, атасынын аты:

Бейзеева Жанара Калмырзабековна

Туулган жылы, күнү: 27.02.1996-жыл

Билими: Орто. И.Арабаев атындагы коллежд

Иштеген жери: Жайыл районундагы

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

Аткарган кызматы: Башталгыч класс жана

информатика мугалими.

Жетишүү милдеттери: Сабактагы ар кандай кырдаалдарга туура баа берүүгө жетишүү, окуучулардын шыктарын баалоо, окуу материалдардын жаңыланган ыкмаларын колдонуу менен сабакты уюштура билүү.

Адамдык сапаты: жоопкерчиликтүү

Кызыгуусу: музыка угуу, китеп окуу

Сыйлыктары:-

Үй –бүлөлүк абалы: Үй-бүлөлүү, бир баланын энеси

Дареги: Жайыл району, Орто-Суу айылы, Сеңирбаев көчөсү №78

Байланыш телефону: 0705 04 02 27

# Өмүр баян

*Мен Бейзеева Жанара Калмырзабековна 1996-жылы 27-февралда Чүй облусунун Жайыл районуна караштуу Суусамыр өрөөнүнүн Тунук айлында жарык дүйнөгө келгем. Менин атам мал чарбачылык менен алектенет, апам болсо үй кожойкеси. Биз үйбүлөөдө 6 бир тууганбыз.*
*1-класска 2003-жылы 1-сентябрда И.Бегимкулов атындагы орто мектептин босогосун аттагам. 2012-жылы мектепти ийгилуктүү аяктап, Ишеналы Арабаев атындагы колледжге "информатика" бөлүмүнө тапшырдым. 2015-жылы колледжди июнь айында ийгиликтүү бүтүрүп, ушул жылдын сентябрь айынан баштап, аталган окуу жайынын "башталгыз класс" бөлүмүдө окуп жатам. Азыркы учурда Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектепте башталгыч класс мугалими болуп иштейм.*
*Үй-бүлөөлүүмүн, бир баланын энесимин.*

Аскер уулу Нурлан атындагы
орто мектеби

# Өздүк маалымат



Мугалим: Бейзеева Ж. К.

Аскер уулу Нурлан атындагы
орто мектеби

# Педагогикалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктары



Мугалим: Бейзеева Ж. К.

Аскер уулу Нурлан атындагы
орто мектеби

# Пикирлер



Мугалим: Бейзеева Ж. К.

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

[illegible]

# Мен билген тамгалар

Даярдоо класс

**Класс жетекчи:** Бейзеева Ж.К



Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Портфолио

**Бейшебаева**

**Зарина**

**Туганбековна**

# ӨЗДҮК МААЛЫМАТ



## Бейшебаева Зарина Туганбековна

Туулган жылы: 24.12.1984 - жыл
Улуту: Кыргыз
Билими: жогорку бакалавр
ЖОЖ бүткөн жылы: Чүй университети 2015-ж.

Адистиги: Кыргыз тили жана адабияты мугалими
Иштеген жери: Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

Окутуу тили: Кыргыз тилинде
Стажы: 14 жыл 4 ай
Сыйлыктары: ЖРББ бөлүмүнүн "Грамотасы" 2019-жыл
Полтавка а/ө "Ардак грамотасы" 2021-жыл

Кызматымдын багыты: Окуучуларды шар, туура окууга, сабаттуу жазууга, өз оюн далилдүү айта билүүгө багыттоо

Адамдык сапаты: Жоопкерчиликтүү, өз ишине так жана боорукер

Кызыгуусу: гүл өстүрүү, китеп окуу

Билген тили: Кыргыз тили, орус тили
Үй дареги: Орто -Суу айылы Сеңирбаев көчөсү №221

Тел 0709

# Өмүр баян

# Пикирлер

Аскер уулу Нурлан атындагы
Орто-Суу орто мектебинин
кыргыз тили жана адабият
мугалими Бейшебаева
Зарина Тугалбековнага берилет.

# Пикир

Мен Акматалиева Нуриза Кенжебековна, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бейшебаева Зарина Тугалбековнаны чыгаан, ак ниет, изденгич мугалим катары билем.

Аттап мектеп босогосун киргенде,
Жеке бер деп, тосуп алган мээрим ким?
Садагалар, үйрөнгүлө бул сабакты,
Апа болуп, мээрим төккөн мугалим –

бул Зарина эже демекчимин. Биздин мектепте иштегенине бир жыл болсо да, өзүнүн өз жакшы сапаттарын көрсөтө алды. Зарина адамгерчиликтүү, тыкан, жоопкерчиликтүү мугалим. Өз негизинен, анын жөнөкөйлүгү, улуу-кичүүгө бирдей өзгөрбөгөн жылуу мамилеси, анын чыныгы педагогдук сапатын билдирет. Белгилүү педагогдор Амонашвили Занковдун системаларын кеңири колдонот. Балдардын ички дүйнөсүнө кирип, сабакты жеткиликтүү, кызыктуу өтөт. Интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен